«Элегия» Эмненидир мен сага арноом керек, Көз көрүшүү болбойт го кайрадан бир. Ал күндөргө кайрадан баргым келет, Эмненидир мен сага арноом керек. Кайырма: Сен кайдасың бул күндө, мен кайдамын? Боз жоргодой таң ашчу жайдакталдым. Биз жоголдук, экинчи кайрылбайбыз, Сен кайдасың бул күндө, мен кайдамын? Жакшы ыр жазып мен сага арноом керек, Барбы алдыда кездешүү, эч ким билбейт. Ошол түндө түбөлүк калгым келет, Жакшы ыр жазып мен сага арноом керек. Өзүмдү-өзүм мен эми алдоом керек, Качандыр бир кездерде жолугам деп. Ушул ырды жакшы деп арноом керек, Өзүмдү-өзүм ошентип алдоом керек. Созу. Омор Султанов. Обону. Туголбай Казаков.
**Расшифровка видео**